КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

talaskenesh@mail.ru

talaskenesh@mail.ru

Талас шаардык кенешинин IX чакырылыштагы кезексиз XIX сессиясынын №135/19-9 ТОКТОМУ

5-октябрь, 2026-жыл **Талас шаары**

Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын чакыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 61-беренеси, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы №271 Кыргыз Республикасынын “Элдик курултай жөнүндө” конституциялык мыйзамы, 2024-жылдын 21-декабрындагы “Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө” жобосуна ылайык, Талас шаардык кенешинин “Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйыны 2026-жылдын 24-октябрында Талас шаардык А.Огонбаев атындагы балдардын музыкалык мектебинин чон залында саат 10:00до өткөрүлсүн.
2. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынына делегаттарды көрсөтүү нормасы шаардын жашоочуларынын санына жараша 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынына делегаттарды көрсөтүү боюнча жергиликтүү жыйындардын графиги 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлгө алуу Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) тапшырылсын.
6. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кенешинин “Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Изабеков Ч.З.) тапшырылсын.

Төраганын орун басары **А.Курамаев**

тиркеме 1

Жергиликтүү коомдоштуктун жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы:

1. К.Джаныбеков - жумушчу топтун төрагасы
2. А.Курамаев -жумушчу топтун мүчөсү, төраганын орун басары
3. А.Сариева - жумушчу топтун катчысы
4. О.Маймурунов - АКӨАБнын төрагасы, жумушчу топтун мүчөсү
5. А.Шукиев-Талас шаардык Аксакалдар сотунун төрагасы, жумушчу топтун мүчөсү
6. Г.Избасарова- жарандык коомдун өкүлү, жумушчу топтун мүчөсү
7. М. Султаналиев – Талас ш. мэриясынын өкүлү, жумушчу топтун мүчөсү

Тиркеме 2

Калктын саны	**Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынынын өкүлдөрүнүн саны**
-6000ге чейин	30
-6001ден 10000ге чейин	50
-10001ден 20000ге чейин	80
-20001ден 30000ге чейин	100
-30001ден 70000ге чейин	150
-70001ден ашык	200
-Ош шаары	300
-Бишкек шаары	500

Тиркеме 3

Талас шаарындагы 8-16-октябрга чейин өткөрүлүүчү жергиликтүү жамааттын жыйындарынын графиги

№	Делегаттарды шайлоо боюнча аймактык бөлүк	Жыйындарды өткөрүү орду	Күнү	Убактысы	Делегаттардын саны	Жооптуу депутат
1	Талас шаарынын батыш тарабынан Токтогул көчөсүнө чейинки аралык. **Жыйынды чогултууга жооптуулар:** Н.Кыдыралиева С.Сапалиева Г.Казакбаева	№5 орто мектебинин жыйындар залы	13.10.2026	16:00	50	Талас шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары **А.Курамаев**
2	Талас шаарынын Токтогул көчөсүнөн Ч.Сатаев көчөсүнө чейинки аралык. **Жыйынды чогултууга жооптуулар:** А.Иньшов Ф.Омүрбекова Б.Кыдыралиева	А.Огонбаев атындагы музыкалык мектебинин кичи залы	14.10.2026	16:00	50	Талас шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары **А.Курамаев**
3	Ч.Сатаев көчөсүнөн Талас шаарынын чыгыш тарабына чейинки аралык. **Жыйынды чогултууга жооптуулар:** З.Майнусова М.Кушчугулов	№6 орто мектебинин жыйындар залы	15.10.2026	16:00	50	Талас шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары **А.Курамаев**